| ЧҮЙ ОБЛУСУНУН<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН<br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА<br>ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА<br>ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ |
|---|---|---|

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XIX (он тогузунчу) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-августу №96/ XIX -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл аймагынын Алмалуу айылында жайгашкан бала бакчага Кыдыров Капар Кыдыровичтин ысымын ыйгарууга макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айылдык кеңешинин депутаттары Ж. Бейшекеев менен Э. Бердиматованын кайрылуусун карап чыгып жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө" мыйзамына ылайык, айылдын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө зор салымын кошкон К. К. Кыдыровдун жаркын элесин түбөлүккө калтыруу максатында, **Ысык-Ата айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Ысык-Ата айыл аймагынын Алмалуу айылында жайгашкан мектепке чейинки билим берүү мекемесине (бала бакчага) **Кыдыров Капар Кыдыровичтин** ысымын ыйгарууга макулдук берилсин.
2. Бала бакчага К. К. Кыдыровдун ысымын ыйгаруу боюнча тийиштүү органдарга кайрылып, мыйзамдаштыруу иштерин жүргүзүү Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кенешинин социалдык иштер (ден-соолук, билим берүү, маданият, укук коргоо, мыйзамдуулук жана туризм) боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**